**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 020601 - “Гидрология”**
**Квалификация: Гидролог - техник**

**Бишкек 2022**

## 1 – бөлүм. Жалпы жоболор

**1.** Ушул **020601. "Гидрология"** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары Мамлекеттик билим берүү стандарты) "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылды:

- негизги кесиптик билим берүү программасы - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- сабактардын цикли - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- модуль - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- компетенция - тийиштүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;
- кредит (зачеттук бирдик) - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу-укуктук формасына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-бөлүм. Колдонуу тармагы

**3.** Ушул **020601 "Гидрология"** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

**4. 020601. “Гидрология”** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

## 3 - бөлүм. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

**5. 020601. “Гидрология”** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан окуу;

**6.** Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

**7.** Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

**8.** Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болууга тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

**9.** Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана

аралыктан  билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында, өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

**10.** Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

**11.** Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **020601 “Гидрология”** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

**020601 “Гидрология”** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна түрткү берүүчү универсалдуу жана предметтик адистешкен компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берүүчү кесиптик орто билим алуу.

**020601 “Гидрология”** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкердик, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятын жогорулатуу.

**12. 020601-“Гидрология”** адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Кыргыз Республикасынын айлана чөйрөнү мониторингдөө өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы гидрометеорология боюнча Агентстводо метеорологиялык иштерди жана берилген убакыттын ченеминде байкоо боюнча станциялар тармагында,аба ырайы жана

климаттын өзгөрүшү боюнча бөлүмдөрдө,ишканаларда,мекемелерде иш жүргүзсө болот;

**13. 020601-"Гидрология"** адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин обьектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Литосфера, атмосфера ,гидросферанын абалы жөнүндө гидрологиялык жана метеорологиялык маалыматтар;
- Гидрометриялык жана геодезиялык приборлор жана жабдуулар;
- Кызматтык түзүлүш жана гидрометриялык түзүлүш;
- Кесиптик профили боюнча документтер;
- Биринчи эмгек жамааты;

**14.** Бүтүрүүчүлөрдүн адистик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

- Байкоочу станциялык тармактарда жана кызматтарда гидрометеорологиялык иштерди жүргүзүү жана уюштуруу;
- Гидрологияда колдонулуучу приборлор менен жабдууларды оңдоо жана текшерүү;
- Изилдөө,иликтөө иштерин жүргүзүү;

**15.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери:

**Метеорологиялык иштерди тармактуу станцияларда кызматтарда жана байкоону пландоо, уюштуруу жана жүргүзүү:**

- Гидрогеологиялык, океанографиялык, топогеодезиялык, картографиялык, метеорологиялык, гидрохимиялык иштерди жана байкоолорду аткаруу;
- Алынган отчеттук материалдын негизинде жана жалпы жана кесиптик программаны камсыздоо менен оперативдүү жана режимдүү гидрологиялык маалыматты кайра иштетүү, ишке ашыруу;
- Гидрологиялык мүнөздөгү суу обьектилеринин эсеп жыйынтыгынын баалары,гидрологиялык эсептердин аткарылышы;

**Гидрологияда колдонулуучу приборлор жана жабдууларды текшерүү жана оңдоо;**

- Бузулган приборлор жана жабдуулардын себебин табуу, оңдоо боюнча чечим кабыл алуу;
- Приборлорду жана жабдууларды алдын-ала текшерүү жүргүзүү, майда бузулган приборлорду жоюу;
- Приборлорду жана жабдууларды талаа шартына юстировкалоо жана текшерүү;

**Изилдөө иштерин жүргүзүү:**

Чалгындоо иштеринин жыйынтыгы менен отчеттук материалдарды түзүү, берилген тапшырманын негизинде пландоо иштеринин түрлөрү, жерге багытоо;

- Суу обьектилеринде иштерди аткарууда геодезиялык жана гидрометриялык приборлорду ишке киргизүү;
- морфологиялык жана морфометриялык мүнөздөгү суу обьектилерин аныктоо, алынган жыйынтыкты кайра карап чыгуу;

**16.** Орто кесиптик билим берүү программасынын **020601 “Гидрология”** адистиги боюнча бүтүрүүчү:

- окутуу программасынын негиздерин жогорку кесиптик билим берүүдө өздөштүрүүгө;
- окутуу программасынын негиздерин жогорку кесиптик билим берүүдө -

-520600 “Гидрометеорология”

-760200 “Колдонмо гидрометеорология” багытында тездетилген мөөнөттө өздөштүрүүгө даяр болот.

## 4-бөлүм . Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына карата жалпы талаптар

**17.** Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун муктаждыктарын эске алуу менен, адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;
- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

**18.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрде учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат. Экзамендердин саны бир семестрде 8-10дон ашпоосу керек.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо өткөрүлөт:

- өзүнчө сабактар боюнча жыйынтыктоочу сынак;
- комплекстүү квалификациялоочу сынак.

**19.** Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

**20.** Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик

орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

**21**. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

**22**. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

**23**. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**24.** Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

**25**. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 60 пайызынан ашпоосу керек.

**26**. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

**27**. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

**28**. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-бөлүм. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

**29. 020601-“Гидрорология”** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 15-пунктунда көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы компетенциялар (ЖК):**

**ЖК1.** Өз ишмердүүлүгүн уюштуруу, адистик маселелерди аткаруу ыкмаларын жана усулдарын тандоо, алардын сапатын баалоо;

**ЖК2.** Көйгөйлөрдү чечүү, ар кандай кырдаалдарда тез чечим кабыл алуу, демилге көтөрүү жана жоопкердик;

**ЖК3.** Кесиптик жана инсандык өнүгүү, адистик маселелердин сапаттуу аткаруу үчүн талап кылынган маалыматтарды колдонуу жана интерпретациялоо, изденүү;

**ЖК4.** Кесиптик ишмердүүлүктө маалымат-байланыш технологиясын колдонуу;

**ЖК5**. Жамаатта иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен эффективдүү сүйлөшө билүү;

**ЖК6.** Команданын мүчөлөрүнүн жумуштары, аларды иш ордунда окутулуусу, берилген жумуштардын аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчиликти алуу;

**ЖК7**. Өзүн инсан катары жана адистик жактан өнүктүрүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердүүлүгүндө жумуштун жана технологиянын өзгөрүү шартына көнө билүү;

**ЖК8**. Чакан жамаат менен башкаруу-уюштуруу иштерине даяр туруу.

б) Кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенциялар (КК):

**Байкоолорду станциялар тармактарында жана кызматтарда гидрометеорологиялык иштерди уюштуруу жана жүргүзүүнү пландоо:**

**КК1.** Өндүрүштө чакан коллективдин ишти пландоого жана уюштурууга катышуу;

**КК2.** Талаа материалдарын байкоо жана ченөөнү текшерүү,биринчи кайра иштеп чыгуу, гидрологиялык иштерди жан байкоолорду аткаруу;

**КК3.** Гидрологиялык малыматтарды компьютердик технологиянын жардамы менен кайра иштетүү;

**КК4.** Гидрологиялык иштерди жана байкоолорду жүргүзгөн техникалык каражаттарды жана түзүлүштөрдү ишке киргизүү;

**КК5**. Гидрологиялык маалыматтарды керектөөчүлөргө даярдоо жана берүү;

**КК6**. Негизги мүнөздүү суу обьектилеринде режимдүү гидрологиялык эсепти аткаруу;

**КК7**. Гидрологиялык байкоонун материалдарын алдын-алуу методикасын иштеп чыгууга даярдоо;

**КК8**. Гидрологиялык кызматтарда текшерүү жүргүзүү;

**Гидрологияда колдонулуучу жабдыктар менен жабдууларды техникалык тейлөө жана ремонттоо**

**КК9**. Жабдыктар менен жабдуулардын бузулууларын диагностоо

**КК10**. Жабдыктар менен жабдууларга алдын алуу текшерүүлөрүн жүргүзүү жана майда майда оңдоо иштерин жүргүзүү.

**КК11**. Приборлорду текшерүүнү жүргүзүү менен тууралоо;

**Иликтөө иштерин жүргүзүү:**

**КК12**. Топографиялык карталар менен иштөө;

**КК13.** Участкаларда чалгындоо, изилдөө жүргүзүү;

**КК14.** Суу обьектилеринде гидрологиялык изилдөө-иликтөө жүргүзүү;

**КК15**. КРнын Мыйзамдарына ылайык долбоорлук - техникалык документтерди жол-жоболоштуруу.

**30**. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

1 - жалпы гуманитардык цикл;

2 - математикалык жана табигый илимий циклы;

3 – кесиптик цикл;

жана бөлүмдөрдү:

4 – практика;

5 – мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация;

6 – дене тарбия.

**31.** Сабактардын ар бир цикли базалык (милдеттүү) жана вариативдүү бөлүктөргө ээ. Вариативдүү бөлүк сабактардын базалык бөлүгүнүн мазмунунда аныкталган билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Вариативдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

**32.** Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасынын ишке ашырылышы, окутуу сабагынын профилине туура келген базалык билимге ээ, жана системалуу түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык ишмердик менен алектенген, ар бир беш жылда өзүнүн квалификациясын жогорулатып турган педагогикалык кадрлар тарабынан камсыз кылынышы керек. Штаттык тизимдеги окутуучулардын сандык үлүшү – 80%, биргелешип иштешкен окутуучулардын – 20% түзүүсү керек.

Кесиптик циклдин окутуучулары, берилген кесиптиги боюнча жогорку кесиптик билимге же багыттама даярдыгына ээ болууга тийиш. Окутуучу менен студенттин барабардыгы 1:12 түзүүсү керек.

**33.** Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын

толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке - 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. лабораториялык жана курстук иштерге методикалык иштелмелер 1:1 нормага туура келиши керек.

Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, укук-ченемдик документтер жана кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланышы керек.

**34.** Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана ортко каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык- техникалык базасы болушу керек. Ар бир студентке 7 кв.м туура келиши керек. Окуу кабинеттери компьютердик техника, инновациялык каражаттар менен жабдылышы талапка ылайык. Компьютер менен камсыздоодо бир студентке 1:12, жыйындар залы – 1, спорт зал-1, ашкана -1, медпунк-1 болушу керек.

**Кабинеттердин, лабораториялардын, устаканалардын**
**жана башка имараттардын**
**ТИЗМЕСИ**

**а) жалпы билим берүү цикли боюнча:**

- Кыргыз тили жана адабияты (окуу маалыматтык стенд, көрсөтмө куралдар, сөздүк);
- Орус тили жана адабияты (окуу маалыматтык стенд, көрсөтмө куралдар, сөздүк);
- Чет тили (лингофондук жабдылыш, окуу маалыматтык стенд, көрсөтмө куралдар, сөздүк, интернетке чыгуу менен өздүк компьютер(1:1));
- Математика (жалпы көрсөтүлүүчү техникалык жабдуу, окуу маалыматтык стенд, интерактивдик көрсөтмө);
- Кыргызстан тарыхы (көрсөтмө куралдар);
- Манас сабагы (көрсөтмө куралдар, “Манастын” бардык томдору, иллюстрациялар);
- Социалдык-экономикалык сабактар (көрсөтмө куралдар);

- Информатика (компьютердик жана мультимедийлик интернети менен жабдуулар (1:1), принтер, сканер, кулакка салып уккучтар);
- Тарых (көрсөтмө куралдар);
- География жана жаратылышты коргоо (көрсөтмө куралдар, дүйнө картасы);
- Физика (көрсөтмө куралдар, приборлор);
- Химия (көрсөтмө куралдар, приборлор);
- Баштапкы аскердик даярдык (көрсөтмө куралдар);

**б) кесиптик циклди ишке ашыруу :**

- Инженердик чийүү (чийүү үчүн стол, маалыматтык стенд жана газеттер);
- Тармактар экономикасы жана менеджмент (окуу маалыматтык стенд);
- Гидрология жана гидрологиялык эсеп;
- Экспедициялык гидрологиялык изилдөө ;
- Айлана чөйрөнү коргоо жана экология;
- Гидрологиялык прогноздоо
- Гидрография
- Гидрометриялык түзүлүш
- Гидрогеология

**Лабораториялар:**

- Электротехника жана электроника (лабораториялык стенддер,өлчөөчү каражаттар,токтун трасформатору)
- Жашоо ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу,экология жана эмгек когоо (көргөзмө стеддер,басма пособия
- Метеорологиялык приборлор (жаан-чачындын санын аныктоочу приборлор, абанын нымдуулугун аныктоо,абанын жана суунун температурасын аныктоочу термометрлер, метео жана гидро кызматтын макети)
- Орноштурууну ишке киргизүү
- Гидрометрия
- Геодезия
- Гидрохимия

**Окуу станциялары:**

- гидрометеорологиялык;
- гидрологиялык;

**Устаканалары:**

- электромонтаждоо;

**Полигондор;**

- геодезиялык;
- авиациялык метеорологиялык монтаждоо станциясы (жарандык);
- агрометеорологиялык байкоону жүргүзүү үчүн байкоо участкасы;

**Жалпы жайлар:**

- Спорт залы;
- Кеңири профилдеги ачык стадион;

- Китепкана (электрондук китепкана, интернетке чыгуучу окуу залы (1:1));
- Жыйындар залы;
- Медпункт.

**35.** Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар Кыргыз Республиклогиялыкасынын Кабинеттер министирлигинин 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат.

Тиркеме 1

**Орто кесиптик билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү**

| Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын түзүмү | | Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын кредиттердеги окуу циклдери |
|---|---|---|
| | | 1 жыл 10 ай |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табият таануу цикли<br>III. Кесиптик цикл | 99 |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 саат) | 3-5 семестр |
| 2-блок | Практика | 15 |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо | 6 |
| Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын көлөмү | | 120 |

Тиркеме 2

**Орто кесиптик билим**
**берүүнүн үлгү болуучу окуу планы**

Адистик: 020601 «Гидрология”
Квалификация: Гидролог-техник
Окутуунун ченемдик мөөнөтү: 1 жыл 10 ай

| № | Окуу сабактарынын аталышы (анын ичинен практикалар) | **Жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | **Семестрлер боюнча жайгаштыруу үлгүсү** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит менен | Саат менен | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | х | | | |
| | Орус тили | 3 | 90 | х | | | |
| | Чет тили | 3 | 90 | | х | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 90 | | х | | |
| | Манас таануу | 2 | 60 | х | | | |
| | **Вариативдүү бөлүгү** | **3** | **90** | х | | | |
| | **Бардыгы:** | 18 | 540 | | | | |
| | **Математика жана табигый илимий цикли** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | х | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | х | | |
| | **Вариативдүү бөлүк** | **2** | **60** | | х | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **6** | **180** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | Инженердик компьютердик графика | 3 | 90 | | | | |
| | Электроника жана электротехника | 4 | 120 | х | | | |
| | Гидрология (курстук иш) | 6 | 180 | | х | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Географиялык маалыматтык системалардын негиздери; | 3 | 90 | | x | | |
| | Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технология | 7 | 210 | | | **x** | |
| | Өлчөө каражаттарынын жана жабдуулардын метрологиясы, стандартташтырылуусу жана сертификатташтыруусу | 3 | 90 | | | **x** | |
| | Гидрометеорологиялык түзүлүштү, приборлорду, жабдууларды оңдоо, тейлөө, ишке киргизүү | 4 | 120 | | | **x** | |
| | Метеорология | 6 | 180 | | **X** | | |
| | Гидрометрия | 3 | 90 | | | **x** | |
| | Гидрохимия жана гидрофизика | 3 | 90 | | | **x** | |
| | Гидротехника гидравликанын негиздери менен | 4 | 120 | | | **x** | |
| | Турмуш - тиричилик коопсуздугу жана эмгекти коргоо; | 2 | 60 | | | **x** | |
| | Гидрологиялык байкоо иштеринин технологиясы (курстук иш) | 6 | 180 | | | | **x** |
| | Изилдөө иштеринин технологиясы (курстук иш) | 6 | 180 | | | | **x** |
| | **Вариативдүү бөлүк** | **15** | **450** | **x** | | **xx** | **x** |
| | **Бардыгы:** | **72** | **2250** | | | | |
| **4** | **Дене тарбия** | | **Жумасы-на 2 саат** | | | | |
| **5** | **Практика**<br>1.Гидрология<br>2.Кесиптик ишмердүүлүктө маалымат технологиясы<br>3.Гидрометеорологиялык жабдууларды жана каражаттарды тейлоо, ондоо жана эксплуатациялоо<br>4.Гидрометрия<br>5.Гидравлика гидротехниканын негиздери менен | **15** | **450** | | x | | x |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 6. Гидротехникалык иштердин технологиясы жана байкоо жүргүзүү<br>7. Геологиялык чалгындоо технологиясы<br>8. Өндүрүштүк практика | | | | | | |
| **6** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | **180** | | x | | x |
| | Сынактардын саны (максимум) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курстук иштердин/долбоорлордун саны | | | | 1 | | 2 |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы жүктөмү** | **120** | **3600** | 30 | 30 | 30 | 30 |

(*) Дене тарбия жалпы иш ченемине кирбейт
(**) Практикалардын саны жана түрлөрү орто кесиптик окуу жайлардын кесиптиктеринин спецификасына карата берилет.
(***) Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация орто кесиптик окуу жайдын кароосу менен жүргүзүлөт.

Ушул **020601 - “Гидрология”** адистиги боюнча КР орто кесиптик билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты базалык билим берүү окуу жайында - К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Султан Ибраимов атындагы Агротехникалык колледжинин Окуу – усулдук кеңешинде иштелип чыкты.

**ОУКтун төрагасы**, К.И. Скрябин атындагы А.Ш. Иргашев
Кыргыз улуттук агрардык университетинин
окуу иштер боюнча проректору,
профессор, в.и.д.

**ОУКтун төрагасынын орун басары**, А.С. Осмонова
Султан Ибраимов атындагы
Агротехникалык колледжинин мүдүрү

**ОУКтун жооптуу катчысы**, А.А. Эсекеева
Султан Ибраимов атындагы
Агротехникалык колледждин
окуу иштери боюнча
мүдүрдүн орун басары

**ОУКтун мүчөлөрү:**

1 Секция жетекчиси: О.А. Подрезов
Кыргыз-Орус славян университетинин
“Метеорология,экология жана айлана
чөйрөнү коргоо“ кафедрасынын
профессору,г.и.д,профессор

2. Султан Ибраимов атындагы А.А. Эсекеева
Агротехникалык колледждин
окуу иштери боюнча
мүдүрдүн орун басары

3. Кыргыз-Орус славян университетинин К.Б. Бакиров
“Метеорология, экология жана айлана
чөйрөнү коргоо“ кафедрасынын доценти
Кыргыз-Орус славян университетини,
т.и.к.,доцент

4. Мелиорация жана суу чарба Департаментинин
маалыматтык талдоо секторунун башчысы,
Айыл чарба министрлиги, КРнын
Айыл чарба, тамак аш өнөр жай жана
мелиорация министирлиги Н.К. Осмонова